
Бишкек шаарынын №14 орто мектеби

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын усулдук бирикмеси

# Усулдук бирикменин жумалыгын өткөрүүнүн иш-пландары



Бекитемин
№14 орто
мектебинин
директору
А.Д.Казакбаева

# Бишкек шаарынын №14 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2022-2023- окуу жылында өткөрүлүүчү жумалыктын планы

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Күнү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили кафедрасынын жумалыгынын ачылышы | 2-март<br>10:30 (фойе) | Кафедранын жалпы мугалимдери |
| 2 | “Жаш манасчы 2022” | 5-декабрь<br>13:00<br>(жыйындар залы) | А.Ж.Тажимырзаева<br><br>А.М.Догдурбековна |
| 3 | “Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. Каратма сөз.”( 5к класс ачык сабак) | 6-декабрь<br>2-саат<br>9-кабинет | Карыбекова Б.М. |
| 4 | “Кыймыл атоочтордун зат атоочко окшоштуктары”( 7к класс ачык сабак) | 7-декабрь<br>3-саат<br>32-кабинет | Кенжеакун кызы А. |
| 5 | “Сан атооч” (6к класс ачык сабак) | 8-декабрь<br>1-саат<br>9-кабинет | Сыдыкова Г.Б. |
| 6 | Ч.Айтматовго 94 жыл | Жыйындар залы | А.К. Исаканов<br>К.Н. Бабиршаева |
| 7 | “Акыл таймашы”<br>(4к класс ) | 13-декабрь<br>Жыйындар залы<br>Саат 13:15 | Акылбек к А. |
| 8 | “Жумалыктын жабылышы | 14-декабрь<br>Жыйындар залы<br>12:30 | Кафедранын мугалимдери |
|  |  |  |  |

**Бекитем**

**№14 орто мектебинин**

**директору А. Д. Казакбаева**

**________________**

**«___» ___________ 2022-жыл**

"Жаш манасчылар 2022"

(Музыка)

Сезимден кетпес Манасы (Ажара)

Сен дагы Кыргыз баласы

Мээсинен кетпес Манасы (Назик)

Мен дагы Кыргыз баласы

Акылдан кетпес намысы (Ажара)

Калкым алдагы Кыргыз баласы

Акындарыбыз жазгандай кайсы Кыргыз баласы болбосун Манас дегенде ичкен ашын жерге койбой койбойт. (Назик)

Улуу Манас ар бир кыргыздын жүргөнүн төрүндө, согуп турган тамырында каны менен кошо айланып жүрөт эмеспи. (Ажара)

Ал эми Улуу дүйнө кайсы гана Кыргыз болбосун кандай гана шарт болбосун ар убакта колдоп коштоп келет. (Назик)

**Сиздер менен бирге "Жаш Манасчылар" аттуу иш-чараны ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер. (Чогуу)**

Саламатсыздарбы агай-эжекелер, ата-энелер! (Ажара)

Урматтуу конокторубуз жана"Жаш манасчы" аземинин жалпы катышуучулары!(Назик)

Алтындай убактыларын бөлүп келген , бүгүнкү биздин иш-чарабыздын коноктору менен тааныштыра кетсек:(Ажара)

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Октябрь районундагы билим берүү борборунун жетекчиси Турдакунова Анара Турдакуновна

Элибиздин белгилүү манасчысы __________________________(Назик)

Жаш манасчылар аземинин жүрүшүндө, манас айткан катышуучулардын арасынан эң алдыңкы үч окуучуну тандап алуубуз керек.

Эң жакшы манас айткан үч окуучуну тандоо үчүн комиссиянын төрайымы: Турдакунова Анара Турдакуновна, комиссиянын мүчөлөрү: мектептин директору Казакбаева Алтынкыз Дайырбековна, манасчы__________________________, кыргыз тили жана адабияты мугалими Исаканов Кубаныч Ажыматович.(Ажара)

Анда эмесе алгачкы сөз Бишкек шаарындагы №14орто мектебинин директору Казакбаева Алтынкыз Дайырбековнага сөз берилет. (Назик)

Музыка

Алты шердин кенжеси

Алманын сүйгөн пендеси

Бабам Манас Султандын

Эрдиги бизге аманат.

"Жаш Манасчы" аземин баштап берүүгө манасчы ___________________________________манас айтып берүү

Үчүн сахнага чакырабыз.(Назик)

Көкөтөйдүн ашынан кийин элибизде "Көкөтөйдүн ашы, көп чырдын башы" – деген лакап сөз калган. Дал ушул бөлүмдү бизге 7к-классынын окуучусу айтып берет. Алина "Көкөтөйдүн ашы". (Ажара)

Аркан бою узарган

Түн ичинде суурса

Өрттөй болуп кызарган

Эң шамдагай курч

Болуп жоонун бетин майтарган

3к-классынын окуучулары: Адилет жана Азирет

"Манаска тизгин берилиши" (Назик)

Болкойгон жапжаш баланын

Шер экенин ким билди.

Чакырган аты Чоң Жинди

Мунун чын Манас атын ким билди.

1к- класстын окуучулары Умама жана Айзуура

“Манастын бала чагы” (Ажара)

Улутубуз Кыргыз

Туу тутабыз намыс

Ураанубыз Манас

Манас Манас, эр Манас

7к класс Жээнбек ___________________________________

(Назик)

Майлаган буудай жүздөнүп,

Күүгүм туман көздөнүп,

Өрттөй көзү бек жайнап,

Каары боюн чын кармап.

Манастын бала агын англис тилинде 6-к классынын окуучусу Арзымат жана 7к – классынын окуучусу Адина айтып берет. (Ажара)

Ушинтип Манас бакырьш,

Кыргыздап ураан чакырып,

Кара даакы жонунда,

Кара чокмор колунда.

4 к – классынын окуучулары Даниел, Ырыскелди, Арууке,Айденектин манас айтуусун угалы.(Назик)

Көргөндүн көөнү бөлүндү,

Арт жагында баланын

кара көк жал көрүндү
Манасың жерге түшкөндө

Нур төгүлүп тоюнду.

Манастын бала чагын 7к-классынын окуучусу Мадина,

Манастын өлүмүн 6к-класстын окуучусу Назик орус тилинде айтышат. (Ажара)

Сундурган найза тартпаган

Сумсайып жоодон качпаган

Душманга назар салдырбаган

Туштуштан каптап жоо келсе

Суурулуп артка кайтпаган.

3к классынын окуучулары: Татына "Манастын Чоң Додурду, Каман алпты жеңгенин, ал эми  алтынай "Бакайдын Алтайга барышын" айтат. (Назик)

Кабыландай жойлогон

Калың Кыргыз элим бар

Манастан калган аманат

Кыргызстан деген жерим бар.

6к-классынын окуучусу Юсуф ______________________________

7к классынын окуучусу Ажара Кызсайкал менен Манастын Беттешүүсүн айтып берет.(Назик)

Манасчыларыбыздын өнөрүнө баарыбыз чогуу күбө болдук. Окуучуларыбыздын эмгегин баалоо үчун калысстар тобунун төрөайымы Турдакунова анара Турдакуновнага сөз берели.(Назик)

Манас кыргыз элинин туу чокусу деп айтылгандай, ар дайым туу тутуп жүрөлү. (Ажара)

Ушуну менен Жаш Манасчылар аттуу иш-чараны жабык деп жарыялайбыз. Саламатта барыңыздар.(Чогуу)

**Предмет: Кыргыз тили.**

**Классы: 7-к класс**

**Мугалими: Кенжеакун кызы Арзыгүл**

**Сабактын темасы: Кыймыл атоочтордун зат атоочко окшоштуктары.**

| Сабактын максаты: | Сабактын корсоткучу: |
|---|---|
| | Сабак максатына жетти дейбиз, эгерде окуучулар… |
| А) Билим беруучулук жагы:<br><br>Кыймыл атоочторду билишет. Зат атоочко окшош белгилерин уйронушот. | Кыймыл атоочторду билишсе, зат атоочко окшош белгилерин айта алышса. |
| Б) Онуктуруучулук жагы:<br><br>Мисалдар келтирип оз ойлорун айта алышат. | Мисалдар келтирип, оз ойлорун айта алышса. |
| В) Тарбия беруучулук жагы:<br><br>Топто бири-бирин угушат, жардамдашат. | Топто бири-бирин угушса, жардам беришсе. |

Негизги компетенттуулуктор: Предметтик компетенттуулуктор.

| | |
|---|---|
| 1. Маалыматтыккомпетенттуулук (НК1)<br>2. Социалдык-комминикативдик<br>компетент-к (НК2)<br>1. Озун-озу уюштуруу жана койгойлорду<br>Чечуу компетент-к (НК3) | 1 Маданий (ПК1)<br>2. Тилдик (ПК2)<br>3. Кептик (ПК3) |

Сабактын тиби: Аралаш сабак

Сабактар аралык байланыш: география.

Сабактын жабдылышы: акыл доска. Тест баракчалары.

Сабактын журушу:

| Сабактын<br>этаптары: | Мугалимдин ишмердуулугу | Окуучунун ишмердуулугу | Компетенттуулугу: | |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу: | Саламдашуу.<br>Жагымдуу маанай тузуп алуу. | Саламдашат.<br>Бири-бирине жагымдуу создор айтышат. | ПК1 | НК1 |
| Уй тапшырмасын<br>суроо: | Уй тапшырмасын кароо. | Топ башчыла текшерет. | ПК2 | НК2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жаны теманы тушундуруу | Зат аооч заттардын, буюмдардын ж.б. аттарын билдирип, Ким? Эмне? кимдер? Эмнелер? Деген суроолорго жооп берсе, кыймыл атооч кыймыл аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, эмне? эмнеге? Деген зат атоочтун суроосуна жооп берет.<br>Мисалы: Жакшы иштоого (эмнеге?) уйрондук.<br>Алмактын (эмнеси?) бар.<br>203-конугуу иштешет жардам берип турам. Андан кийин томондогу<br>   суроттон кыймыл атоочторду табышат. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Зат атоочко окшоштуктарын табышат.<br><br><br>Кыймыл атоочторду катыштырып суйлом тузушот. | | |
| Бышыктоо. | Оюн ойноо. Аягы –уш, -иш, -мак, -май, -оо, уу мучолорду улап суйлом тузу.<br>204-конугуу жуптар менен иштоо. | | |
| Уйго тапшырма. | 205-конугуу.<br>Тест баракчаларды берип белгилетип жыйнап аламын. | | |
| Баалоо. | Оздорун оздору баалайт. | | |

**Кыргыз тили сабагы**

**Классы:** 6-к класс

**Мугалим**: Сыдыкова Гүлүмкан Бейшалиевна

**Сабактын темасы** : Сан атооч

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын ыкмасы: көрсөтмөлүү ыкма

Сабактын формасы: сабак - диалог

Сабактын жабдылышы: проектор,электрондук китепкана,доска, компьютер

| № | Түйүндүү компетентүүлүктөр |
|---|---|
| 1 | Маалыматтык Күчөтмө жана басандатма даража жөнүндөгү маалыматты билишет |
| 2 | Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:Сын атоочтун скүчөтмө жана басандатма даражаларынын эрежелерин, бөлүнүштөрүн көнүгүү иштөө менен бышыкташат |
| 3 | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: Турмушта сын атооч күчөтмө жана басандатма даражасындагы сөздөрдү кептеринде туура пайдаланууга үйрөнүшөт |

| Максаты | Предметтик компетентүүлүктөр |
|---|---|
| 1 Таанып-билүүчүлүк жана илимий суроолорду кое билүү | Сын атооч кучөтмө жана басандатма даражалары жөнүндө теманы билишет. |
| 2.Кубулуштарды илимий түшүндүрүү | Сын атоочтун кучөтмө жана басандатма даражалары боюнча өз алдынча сүйлөмдөрдү түзө алышат. |
| 3.Илимий далилдөөлөрдү колдонуу | Сын атоочтун күчөтмө жана басандатма даражасы жөнүндө теманы жыйынтыктай алышат.Турмушта кыскартылган сөздөрдү колдоно билүүгө үйрөнүшөт |

**Индикатор**

| | Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү | | |
|---|---|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжа | репродиктивдүү | продуктивдүү | креативдүү |
| | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы жөнүндө маалымат билишсе | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасынын эрежелерин билишсе | Интернет булактарын пайдалануу менен сн атоочтун күчөтмө жана басаңдатма сөздөрдү таап жана кебинде колдонууга үйрөнүшсө |

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражаларынын эрежелерин,

бөлүнүштөрүн, кебибизге колдонулуштарын үйрөнүшөт

Өнүктүрүүчүлүк: Логикалык ой жүгүртүшөт, анализдей, синтездей, жалпылай алышат.

Тарбиялык: Окуучулар бири-бирине комплимент айтканга тарбияланышат.

Предмет аралык байланыш: адабият

Сабактын этаптары:

| № | Сабактын этаптары | убакыты | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги | баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу, психологиялык маанай | 1 мүнөт | Саламдашуу,жакшы каалоо менен өзүн тааныштыруу | Саламдашат, бири-бирине жакшы сөз тартуулашат | Кол чабуу аркылуу кубаттоо |
| 2 | | 2 мүнөт | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы жөнүндө айтып беришет | Доскадагы сүрөттор аркылуу күчөтмө жана басаңдатма сөздөрдү табышат жана | Өзүн-өзү баалоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | компьютерге жазышат | |
| 3 | Билимдердин теориялык деңгээли<br>Жаңы тема | 10 | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы катышкан сөздөрдү түшүндүрүп,доскага мисалдарды көрсөтөт | Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражасы деген эмне,турмушта кандай колдонушту үйрөнөт | |
| 4 | 192 -көнүгүү | | Көнүгүүнүн жазылышын көзөмөлдөйт,<br>Тууралайт.Көнүгүү доскага жазылат, | окуучулар сөздөрдү тууралашат<br>талдашат. | |
| 5 | Минатюрдук жат жазуу | | -көнүгүү<br>Аудио уктуруу | Жат жазуу жазышып.өздөрү текшеришет | |
| 6 | Акылга чабуул | | Ким миллионер болгусу келет | | |

Сабактын жүрүшү: Күчөтмө даража Заттын сын-сыпатын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт да,төмондөгүдөй жолдор менен жасалат.

Кучөтмө даража 4 жол менен жасалат.

1. Бөлукчөлөр аркылуу: Эң,абдан,өтө,аябай,чымкый,чылк

2.Префикс аркылуу-кыпкызыл,сапсары,күпкүрөң.

3.Заттык мааниге өтүп кайталанган сын атоочтор: жакшынын жакшысы,сулуунун сулуусу

4.Кээде оозеки кепте колдонулган сөздөр менен:Жаман кооз экен,иттей сулуу

Бышыктоо: 279-көнугүү

280-көнүгүү

Жыйынтыктоо: Окуучулар көнүгүү иштөө аркылуу сын атоочтун күчөтмө жана даражасын табышат жана морфологиялык талдоо жүргүзөт.

Үй тапшырма 278-көнүгүү

**Өздүк анализ**

Кыргыз тили сабагы 6-к класска өтүлдү, класстын билим деңгээли жакшы, сабакка активдүү катышты.

Сабактын темасы : Сан атооч

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Сын атоочтун күчөтмө жана басаңдатма даражаларынын эрежелерин, бөлүнүштөрүн, кебибизге колдонулуштарын үйрөнүшөт

Өнүктүрүүчүлүк: Логикалык ой жүгүртүшөт, анализдей, синтездей, жалпылай алышат.

Тарбиялык: Окуучулар бири-бирине комплимент айтканга тарбияланышат.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын ыкмасы: көрсөтмөлүү ыкма

Сабактын формасы: сабак - диалог

Сабактын жабдылышы: проектор,электрондук китепкана,доска, компьютер

Предмет аралык байланыш: адабият

**Сабактын жүрүшү**

Сабак жагымдуу маанай түзүү менен башталды, окуучулар жоктолду. Сабактын темасы жана максаты менен тааныштырылды.

Үй тапшырмасы текшерилип, сын атооч боюнча кайталоо үчүн суроолорго жооп беришти.

Жаңы тема таблицалардын жардамы менен түшүндүрүлдү. Сабакты бышыктоодо сын атооч сөздөр катышкан аудио уктуруу угузулуп, сөздүк жат жазуу жазылды.

279-280-көнүгүүнү иштешти. Үй ишине 278-көнүгүү берилди.

Окуучулардын катышуусуна карап бааланды. Сабак өз максатына жетти.

**Предмет: Кыргыз тил класс:**

**Сабактын темасы: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. Каратма сөздөр.**

**Классы: 5-к класс**

**Мугалими: Карыбекова Бүсалкын Мамасалиевна**

**Сабактын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк**: окуучулар каратма сөз тууралуу маалымат ала алышат.

**2. Өнүктүрүүчүлүк:** каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишет. Сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын өздөштүрүшөт.

**3. Тарбия берүүчүлүк:** жазуу жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

**Сабакта колдонулуучу усулдар:** айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк усул, интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

**Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар:** схемалар, дидактикалык таркатмалар, ватман, маркер, скотч ж. б.

**Предмет аралык байланыштар:** адабият, адеп

| Негизги компетенттүлүктөр | | | Предметтик компетенттүүлүктөр |
|---|---|---|---|
| Маалыматтык | Социалдык коммуникативдик | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | 1.Тилдик компетенттүүлүк:<br>- тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм экендигин билет; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Каратма сөздөр боюнча маалымат алышат. | Каратма сөздүн сүйлөмдөгү ордун аныкташат. | Сүйлөмгө талдоо жүргүзө алышат. | - тексттеги сүйлөмдөрдүн чегин аныктай алат;<br>- тексттин мүнөздүү белгилерин бири-биринен ажырата алат.<br>2.Кептик компетенттүүлүк:<br>- тексттин мазмунун угуп түшүнөт;<br>- ал тексттеги негизги ойду ажыратат;<br>- табышмак, макал, лакап жана учкул сөздөрдүн да текст болорун түшүнөт.<br>3.Маданий компетенттүүлүк:<br>- алган билимин турмушта колдоно алат (маданияттуу сүйлөшө билүү);<br>- логикалуу ой жүгүртө алат;<br>- сүйлөө кебинин орундуу болуусуна аракеттенет<br>5.1.1.1. Тексттин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү жөнүндө айтып беришет. |

**Сабактын жүрүшү**

| № | Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| 1 | Мотивация (шыктандыруу) (2-3 мин) | Жагымдуу маанай тартуулоо менен шыктандырып алууга багыт берилет. | Жагымдуу маанай тартуулоо максатында окуучулар бирибирине мактоо сөздөрүн айтышат | НК-3 | | Мактоо сөз |
| 2 | Өтүлгөн теманы кайталоо (үй тапшырмасын бышыктоо) (5-8 мин) | Өтүлгөн теманы кайталап, үй тапшырманы текшерүү.<br>Өткөн сабакты кайталоо максатында<br>окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдү<br>салыштырып, Венндин диаграммасын түзүшөт | Суроолорго жооп беришет. Венндин диаграммасын түзүшөт | НК-2,<br>НК-3 | | Калыптандыруучу баалоо |
| 3 | Тема жана күтүлүүчү окуу натыйжаларын жарыялоо (3-5 мин) | а) каратма сөз тууралуу маалыматтарды билишсе; б) каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөздөрдү атай алышса жана каратма сөздөрдүн кайрылуу, чакыруу интонациясы менен | Күтүлүүчү окуу натыйжалары боюнча маалымат алышат. | НК-1 | ПК-1, ПК-2 | Калыптандыруучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | айтыларын өздөштүрүшсө. в) каратма сөздөрдү жазуудагы жана оозе | | | | |
| 4 | Жаңы тема боюнча маалыматтарды берүү (4-5 мин) | Сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге, эмнеге арналгандыгын билдирүүчү сөз, же сөз тизмеги каратма сөз деп аталат. Мисалы: Көкөтөй чалга аш бердик, Манас. Ашка аралаш баш бердик, Манас. Каратма сөз адабий тилдин бардык жанрларында бирдей колдонулбайт. Ал оозеки кептеги диалогдордо, кулактандырууда, Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат. НК-1, НК-2 ПК-1, ПК-2 5.2.2.1. Калыптандыруучу баалоо чакырыктарда, көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулса, публицистикалык чыгармаларда, илимий эмгектерде өтө эле сейрек жолугат. Каратма сөз сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып кайрылуу, чакыруу иретинде айтылат. Мисалы: Байэл, сен качан айылга барасың? Достор, дайыма ынтымактуу бололу! Каратма сөздүн милдетин зат атоочтор аткарат: Зат атооч: Айдана, бүгүн Алинурду көрдүңбү? Каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин үтүр (,) коюлат. М: Алиас, эртең сабакка барасыңбы? Сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда жана кийин үтүр коюлат. М: Келип калдыңарбы, айланайындар, | Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат. | НК-1, НК-2 | ПК-1, ПК-2 5.2.2.1. | Калыптандыр уучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | келип калдынарбы? Каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, үтүр өзүнөн мурун коюлат. М: Дайыма чогуу бололу, достор! Каратма сөздөр катышкан сүйлөмдөр оозеки кепте тыныш белги коюлган жерде тыным (пауза) менен окулат, жазууда арасы үтүр менен ажыратылат. | | | | |
| 5 | Интерактивдүү көнүгүүлөр, сабактын борбордук бөлүгү (15-20 мин) | 162-көнүгүүнү окуп, каратма сөз катышкан сүйлөмдөр кандай окуларын байкашат. 163-көнүгүүнү көчүрүп жазып, каратма сөздүн сүйлөмдөн алган ордун аныктап, ага жараша тыныш белгилерин коюшат. 164-көнүгүүдө берилген сүйлөмдөрдүн ээсин каратма сөз катары колдонуп, үлгүдө көрсөтүлгөндөй сүйлөмдөрдү түзүшөт. Тыныш белгилерин коюп, кандай интонация менен айтыларын билишет. Сабактын кийинки бөлүгүндө 165-көнүгүүдө берилген тексттер көркөм окулат. Каратма сөздөрдү таап, тыныш белгилеринин кандай коюлгандыгын айтып беришет. | Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү аныкташат. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүшөт. | НК-2, НК-3 | ПК-1, ПК-2, ПК-3 | Калыптандыр уучу<br>баалоо |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо, баалоо (3 мин) | Оозеки бышыктоо үчүн суроолор 1. Каратма сөз деп эмнени айтабыз? Мисал келтиргиле. 2. Каратма сөздө тыныш белгилери кандай коюлат? 3. Каратма | Суроолорго жооп беришет. Мисал келтиришет. | НК-2<br>НК-3 | ПК-1, ПК-2 | Калыптандыр уучу баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сөздөрдүн башка сөздөрдөн айырмасы | | | | |
| 7 | Окуучулардын билимдерин баалоо критерийлери | Окуучулардын билимин баалоо билим көрсөткүчтөрү аркылуу жүргүзүлөт: - сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге эмнеге багытталгандыгын каратма сөз билдирерин үйрөнүшү; - каратма сөздөр сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын билиши; - каратма сөз катышкан сүйлөмдөрдөгү тыныш белгинин коюлушун өздөштүрсө. | Бири-биринин, өзүнүн билимин баалашат. | НК-2, НК-3 | | Калыптандыр уучу баалоо |
| 8 | Үй тапшырмасы (2 мин) | 166-көнүгүү. | Тапшырманы аткарышат. | НК-3 | ПК-1 ПК-2 | |

# Өздүк анализ

**Предмет: Кыргыз тили**

**Темасы: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр. Каратма сөздөр.**

**Сабак 5-к класска өтүлдү. Класс толук катышты. Окуучулар сабакта активдүү отурду, класстын билим деңгээли жакшы.**

1. Билим берүүчүлүк: окуучулар каратма сөз тууралуу маалымат ала алышат.

2. Өнүктүрүүчүлүк: каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билишет. Сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу интонациясы менен айтыларын өздөштүрүшөт.

3. Тарбия берүүчүлүк: жазуу жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.

Сабакта колдонулуучу усулдар: айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк усул, интерактивдүү ыкманын айрым стратегиялары.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар: схемалар, дидактикалык таркатмалар, ватман, маркер, скотч ж. б.

Предмет аралык байланыштар: адабият, адеп

## Сабактын жүрүшү

Уюштурууда жагымдуу маанай түзүлдү

Үй тапшырмасы текшерилип, өтүлгөн темаларды суроолорго жооп берүү аркылуу эске салдык. Вендин диаграммасын түзүп, толтурушту.

Жаңы теманы түшүндүрүүдө схемалар, таблицалар колдонулду. Каратма сөздөр жөнүндө түшүнүк алышты.

162-164-165-көнүгүү иштешти. Көнүгүү иштөөдө каратма сөздөргө батмандарга сүрөттөрдү тартып айтып беришти.

Жыйынтыктоодо кыскача бири-бирине суроолорду берип, жооп беришти.

Үйгө тапшырма 166-көнүгүү берилди. Окуучулар сабакта өзүн-өзү баалашты. Сабак учурунда көбүнчө социалдык, коммуникативдик компетенттүүлүккө басым жасалды. Сабак өз максатын жетти.

Бишкек шаарынын
№14 орто мектебинин
директору
А.Д. Казакбаева
_______________

# 4-класстардын арасында өткөрүлүүчү кыргыз тили боюнча акыл таймашынын сценарийи

**Бишкек**

**2022-2023-окуу жылы**

# 4-калсстардын арасында кыргыз тили боюнча акыл таймашынын сценарийи

**План:**

1. **Саламдашуу (командасы менен тааныштыруу)**
2. **Кыргыз тилинин грамматикасы боюнча суроолор берилет.**
3. **Сүрөттөр сүйлөйт.**
4. **Көркөм ырлар окулат.**
5. **Акыйнек айтышуу**
6. **Суроо – жооп (викториналык суроолор)**
7. **Макал айтышуу**
8. **Хор “Ой комузчу”**
9. **Жыйынтыктоо**

1. **Саламдашуу (Акылдуулар командасы)**

Жүрөгүндө туюлаган кыргыз каны,
Өзөгүндө ойногон кыргыз каны.
Төрөлгөндө оозанган Манас менен,
Айтып келдим ордолу №14төн салам.

Оболонсун ыр менен көңүлүңүз,
Узун болсун ылайым өмүрүнүз.
Күлкү менен ыр менен жашарталы,
Толуп турсун бөксөргөн кемтигиниз.

Саламатсыздарбы? Урматтуу агай – эжейлер жана окуучулар! Сиздер менен ушинтип көрүшүп отурганыбызга абдан кубанычтабыз. Анда эмесе бүгүнкү мелдешибизди **“Акылдуулар”** командасы ачык деп жарыялайбыз жана таймашууга даярбыз!

**Команданын атынын чечмелениши:** Биз командабыздын атын “Акылдуулар” деп тандап алышыбыздын себеби: “Акылдуунун чырагы миң” – деген чакырык менен тандап алдык.

**Саламдашуу (Билимдүүлөр командасы)**

Салам менен башталат, биздин мелдеш,
Саламсыз өтпөйт го, эч бир концерт.
Жагымдуу салам берем, мен сиздерге,
Мына олтурган, урматтуу кыргыз элиме.

Салам айтам, Ала-Тоонун кары болуп,
Салам айтам, Ысык-Колдун буусу болуп.
Салам айтам, жамгырымдын суусу болуп,
Салам айтам, кыргызымдын кырааны болуп.

Саламатсыздарбы?! Урматтуу коноктор, мугалимдер жана бизди ушул куттуу залга таймашууга чакырып олтурган Акылдуулар командасы. Сиздер менен көрүшүп олтурганыбызга абдан кубанычтабыз жана таймашууга Билимдүүлөр командасы даярбыз! Билимдүүлөр! Билимдүүлөр! Билимдүүлөр!!! Ура! Ура! Ура!!!

**Команданын атынын чечмелениши:** Биз “Билимдүүлөр” деп тандап алышыбыздын себеби “Билими күчтүү миңди жыгат” – деген ураан менен ушул атты тандап алдык.

2. **Кыргыз тилинин грамматикасы боюнча суроолор берилет.** ***Ар бир окуучу бирден суроого жооп бериши шарт!***

1. **Жекелик жана көптүк санда 5тен мисалдарды келтиргиле. Мисалы: китеп - китептер**
2. **Зат атооч сөздөрдөн түзүлгөн сөз айкаштары кайсылар? Эмнеден? Суроосунун негизинде түзгүлө...**

**Мисалы: Суусардан тебетей, кундуздан тебетей, кийизден тигилген калпак, териден тигилген чыптама ж.б.**

**3. Кимдики? Эмненики? (жалпы таандык мүчөгө) мисал келтиргиле?**

**Мисалы: -ныкы,**

**- Атай, тиги чыптама кимдики?**

**- Тиги чыптама Сайкалдыкы.**

**- А бул элечек кимдики?**

**- Бул элечек таенемдики.**

**4. Этиштин терс формасы (-ба мүчөсүнө) үч сүйлөм түзгүлө.**

**Мисалы: Алманы үзбөйбүз.**

**Кургак чөптү жыйнабайбыз.**

**Жамгыр жаабайт**

**5. Эмне кылат? Суроосун кантип колдонобуз.**

**Мисалы: айдайт, жейт, жыйнайт**

**Машинаны айдайт.**

**Тамакты жейт.**

**Түшүмдү жыйнайт.**

**6. "Сугарат" сөзүнө сүйлөм түзөбүз.**

**Мисалы: Дыйкан талааны сугарат.**

**7. Толуктагыла.**

**Жакшы окуп, жакшы жүрүшүм – элиме кошкон .....**

**Жообу: үлүшүм**

**8. Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен .......**

**Жообу: тааныйт**

**9. "Меймандос" деген сөздү кандай түшүнөсүнөр?**

**10. Кимге? Эмнеге? Суроолоруна мисал келтиргиле.**

**Ырчыга, Осмонго**

**Чүкөгө, көлчүккө**

**11. "Бака – шака" сөзүнө кандай түшүнөсүң?**

**Мисалы: ызы – чуу, көпчүлүк болгон жер**

**12.Туура сүйлөм түзөбүз**

**Оюн, аянтта, акробаттар, көрсөтүштү, кечээ**

**Мисалы: Кечээ акробаттр аянтта оюн көрсөтүштү.**

**13.Кимден? Эмнеден? Суроосуна мисал келтиргиле?**

**Мисалы: апамдан, айдоочудан сабизден, жүгөрүдөн**

**14.Антонимдерин тапкыла, сүйлөм түзгүлө.**

**Арзан –**

**Ар дайым –**

**Караңгы –**

**Кирдетет –**

**Мисалы: Арзан товар. Ар дайым сабакка келүү керек. Караңгыда көп жүрбөш керек. Кичинекей бала үйдү кирдетет.**

**Жообу:**

**Кымбат**

**Эч качан**

**Жарык**

**Тазартат**

**15. Талаада, тоодо, жерде, көлдө сөздөрүнө кайсыл суроолор берилет.**

**Мисалы: Кайда? Каерде? Каякта? Суроолору берилет**

**Дыйкан талаада көп жүрөт.**

**16. Кыргыз тилине которгула.**

**Дети рисуют на асфальте.**

**На празднике девочки и мальчики пели, танцевали.**

**Которулушу: Балдар асфалька сүрөт тартып жатышат.**

**Майрамда кыздар жана балдар ырдашты жана бийлешти.**

**17..... жанында, артында, жээгинде сөздөрүнө мисал келтиришет.**

**Мисалы: Үйдүн жанында машине турат.**

**Үйдүн артында склад бар.**

**Көлдүн жээгинде эс алдык.**

**18. Кайда? суроосуна кантип колдонобуз?**

**Мисалы: Биз көчөдө турабыз.**

**Бир мектепте окйбуз.**

**19. "Таң калды" сөзүн кандай түшүндүң.**

**Мисалы: Ал бир минутада 200 сөз окуганына таң калдым.**

**20. Зат атооч деген эмне?**

**Заттын атын билдирип ким? эмне? деген суроолорго жооп берет.**

***3. Сүрөттөр сүйлөйт.*** **Мындa окуучуларга сүрөттөр берилет. Андагы адам ким жана ал кыргыз элине кандай кызмат кылганын айтып беришет.**

1. Тургунбай Садыков
2. Калый Молдобасанов
3. Чынгыз Айтматов
4. Сүймонкул Чокморов

***5.Көркөм окуу:*** **Окуучулар ыр айтып беришет.**

**Билимдүүлөр командасы**

**"Өрүк"** (97 - бет)

Саргайса өрүк,
Алыстан көрүп,
Өзүнө тартат
Көңүлдү бөлүп.
Жегиң келет
Бирден терип. (Автору: Ч. Иманалиев )

**"Досум экөөбүз"** (102-бет)

Урушсак да экөөбүз,
Үйгө ыйлап кайтпайбыз.
Сөзүбүзгө бекембиз,

Апабызга айтпайбыз.

Укпаган соң өздөрү,

Айтып эмне кереги?!

Билип калса, ойнойтпойт,

Биз угабыз жемени. (Айтору: К. Мырзалиев)

**"Ордо шаарым"** (112-бет)

Бишкегим сен, алтын уям,

Сары-Өзөндүн койнунда.

Кутманым сен, өркүндөгүн,

Ийгиликтин жолунда.

Бишкек шаарым,

Ордо шаарым,

Борбор шаарым,

Кыргызымдын сыймыгы.

Эч бир шаарга теңебейм

Бир өзүндү чындыгы. (Автору: сөзү А. Абдылдаева, обону: М. Рыскулбеков)

**Акылдуулар командасы**

Чычкан коркот мышыктан,

Аяз коркот ысыктан.

Чырпык коркот улактан,

Кургакчылык – булактан.

Караңгылык - чырактан.

Торпок коркот таяктан,

Токон коркот сабактан. (Автору: Т. Кожомбердиев)

**"Тилегим"** (113-бет)

Атам Манас сыяктуу

Эр болсом деп тилеймин.

Душман кечип өтө албас

Көл болсом деп тилеймин.

Кожожаштай көзгө атар

Мерген болсом жазбаган.

Баатыр болсом Чубактай

Басынып жоодон качпаган.  (Автору: Ж. Бөкөнбаев)

**"Көгүчөн"** (75-бет)

Кызыл жардын боорунда,

Көк көгүчкөн көп ойнойт.

Көргөн сайын баксам дейм,

Кармайм десем түк болбойт.

Алдынан туруп жем чачсам,

Жакын келип бир койбойт. (Автору: К. Эсенкожоев)

**6. Акыйнек айтышуу. Эки команда тең алмак – салмак айтышат.**

1. Акыйнек айтуу эзелтен,
Элибиз кыргыз салты экен.
Акыйнек айтып ыр ырдоо.
Бабабыз кыргыз наркы экен.

1. Ыр ырдашуу сындашуу
Ыр жандуу кыргыз салты экен.
Сынга сындай жооп берүү
Атабыз кыргыз салты экен.

2. Кыздар бүгүн бул жерге,
Камынып келген турбайбы.
Акыйнек ырын айтам деп
Чамынып келген турбайбы.
Эки күндүн биринде,
Калтырасың сабакты.
Унутпастан сугунуп,
Калтырбайсың сабакты

3. Идиш жуу десе фу деген.
Апасын өзү жуу деген.
Акылсыз кыздар бизде көп,
Айтышкандан башка билбеген.

Түшкө чейин уктаган,
Интернеттен чыкпаган.
Тентек балдар бизде көп
Эжейдин сөзүн укпаган.

4. Акча сурап күнүгө

Апакесин кыйнаган.
Арабызда кыздар бар,
Аракет такыр кылбаган.

Китеп бетин ачпайсың,
Күндөлүгүң жазбайсың.
Дагы бетиң кызарбай,
Наклейка чаптайсың.

5. Кол жазмасы ийрейгеп,
Үч алып күндө сүйрөлгөн.
Эжейден күндө сөз угат,
Чыкпаган такыр жемеден..

Сумкасын фудбол ойногон,
Оюнга такыр тойбогон.
Арабызда балдар бар,
Полго жатып сойлогон

Чогуу:
Асмандагы бүркүттү
Самолёт келип үркүттү
Анда эмесе курбулар,
Тамашалуу ыр бүттү.

## *6. Суроо – жооп (викториналык суроолор)*

**“Мангас” эпосунун негизинде суроолор берилет**

1. **Манастын атасы ким?**
2. **Манастын апасы ким?**
3. **Манастын аялы ким?**
4. **Манастын баласы ким?**
5. **Манстын небереси ким?**
6. **Манастын күмбөзү кайда жайгашкан?**
7. **Манастын туулган жери кайсыл?**
8. **Манастын 1000 жылдыгы канчанчы жылы белгиленген?**
9. **Манастын кеңешчиси ким болгон?**
10. **Алмамбет, Сыргак, Чубак деген кимдер?**
11. **Кырк чоро эмне үчүн биригишкен?**
12. **Кайсы манасчыларды билесиңер?**

***7. Макал айтышуу***

***Окуучулар даярданып келген макалдарын катары менен айтышышат.***

***8. Хор "Комузчу" (чоогуу айтышат***

Ой, комузчу, комузчу,
Чертип окйчу комузду.
Элжиресин эт жүрөк,
Бийик чыгар добуштую
Муратаалы чал тарткан,
"Сынган бугу", "Камбаркан".
Ушул сонун күүлөрдү
Уккан жандар таң калган.
Ойго келбейт убайым,
Оюнуңа тунайын,
Токтогулдун "Ботоюн"
Чертип койчу угайын. (Автору: Т.Үмөталиев)

**9. Жыйынтыктоо калыстарга сөз берилет.**

Бишкек шаарынын

№14 орто мектебинин

директору

А.Д. Казакбаева

_______________

# Аалам алпы – Ч.Айтматов
# 94 жыл

**Бишкек**

**2022-2023-окуу жылы**

Андан сырткары улуу жазуучунун туулган күнүнө арнап “Айтматов ааламы “деген темада адабий кече өткөрдүк.Окуучулар да активдүү катышышты.Ошондой эле Ч.Айтматовдун баардык чыгармаларына тартылган кинолорду балдарга көргөздүк.Кинонун натыйжасында окуучулар дил баяндарды жогорку денгээлде жазышты.Андан сырткары дубал гезиттеринин конкурсу болуп.окуучулар кызыктуу сүрөттөрдү тартышкан.Мыктылары тандалып алынып,грамоталар берилген.Башталгыч класстар да Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү кызыгуу менен тартышты.Мында да мыктылары тандалып,грамоталар берилди.Акырында  баса белгилей кетчү нерсе жогорку класстардын окуучулары менен биргеликте “Дүйнө Ч.Айтматовду окуйт”деген ураан менен флеш_моб даярдап,шаарыбыздын көрүнүктүү жерлерине барып ,элге жылуу маанай тартуулап келдик.

Ошону менен мен эмнени айткым келип жатат?

Биз жалпы мектеп жааматы өз алдыбызга койгон максатыбызга жеттик.

Ар бир жаран,ар бир окуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларын билүүлөрү зарыл.Ошонун негизинде биз бул иш-чаранын алкагында окуучуларга көптөгөн материалдарды бере алдык.

Окуучулар да Ч.Айтматовдун каармандарын чын дилдери менен аткарышып,мындын ары да ушундай иш-чаралардын өтүүсүнө көмөк көрсөтүшүүдө.

Андан сырткары жогорку жактан келген буйруктар боюнча Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган иш-чараларга биздин мугалимдер активдүү катышышты.

**Бишкек шаарындагы №14 ОМнин 2018-2019-окуу жылындагы Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш –чаралардын**

**аныктамасы.**

**Дүйнөгө белгилүү жазуучу Ч.Төрөкулович Айтматовдун 90 жылдыгын дүйнө эли өткөрүп жатат.Ошонун негизинде биз дагы мектеп аралык иш-чараларды өткөрдүк.Мектеп ичинде ар бир мугалимге тапшырма берилген.Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча класстык сааттарды өтүү бюонча.Ар бир мугалим чыгармалардын аттарын өзүлөрү тандашты.Ошол боюнча берилген мөөнөттө өз класстык сааттарын көргөзүшшт.**

**2-А класс Бетеева А.Т көркөм окуу**

**3-А класс Пукаева А.А "Атадан калган туяк"**

**3-К класс Дюшенбаева А.М көркөм окуу**

**4-Б класс Байзиева А.Р "Ак-кеме"**

**4-А класс Джунушалиева М.К Ч.Айтматовдун эн жакшы сөзүн тандап алып"Адамга эн кыйыны күн сайын болуу"деген темада ачык сабагын берди.**

**5-А класс Эмбаухова Е.Н "Ак-кеме" чыгармасынан үзүндү көргөзүштү.**

**6-А-Б класс Бактыбекова А.Б "Эрте келген турналар"**

**7-А класс Амринова З.М "Ак-кеме"**

**7-Б класс Айткулова Ж.Ш "Кыямат"**

**8-А класс Омуркулова М.Ж "Биринчи мугалим"**

**9-10-11 класстар менен биргеликте Джунушалиева Ф.К Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган адабий кече өткөрдү.**